DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 7, 2020

Ташкулова Ш.Б., Термечикова Б.К.

ПАМИРЛИК КЫРГЫЗДАР ЖАНА АЛАРДЫН УЛУТТУК МУРАСТАРЫ

Ташкулова Ш.Б., Термечикова Б.К.

ПАМИРСКИЕ КЫРГЫЗЫ И ИХ ЭТНИЧЕСКОЕ НАСЛЕДИЕ

Sh.B. Tashkulova, B.K. Termechikova

THE KYRGYZ PEOPLE OF PAMIR AND THEIR ETHNIC HERITAGE

УДК: 391.687

Бул макалада бүгүнкү күндө саналуу гана аймактарында сакталып калган кыргыздын материалдык эмес маданий мурастары изилденди. Теманын актуалдуулугу – улуттук маданий мурастарды сактоо менен улуттун улут болуп сакталып калуусуна чоң өбөлгө болоору аныкталды. Изилдөөнүн максаты – салттуу билимдерди сактаган жана билген инсандарды табуу, алар менен жаш муундар ортосундагы мамилени бекемдөө менен материалдык эмес маданий мурастардын жайылуусуна салым кошуу. Салттуу билимдерди сактоо жана жайылтуу максатында Памир жергесинен көчүп келген боордошторубуз менен салттуу билимдер жөнүндө маектешип, жолугуп алардан да бир урууга таандык "каляк" орому жөнүндө маалымат алдык. Памирлик кыргыздар каада-салтттарын абдан бекем сактап, азыркыга чейин колдонуп келишет. Аял кишини абдан барктап, баалашат. Улуттук мурастарга тиешелүү салттуу билимдер, уламыштар, ырлар (өлөңдөр) ооздон-оозго, колдон-колго өтүп келет, жазылган материалдар дээрлик жок. Атасы баласына, энеси кызына баалуулуктарды жасоо жолун көрсөтүү менен тарыхын айтып беришет. Нукура кыргыздарга тейшелүү мурастарды алып жүргөндүктөрүн сыймыктануу менен айтышат.

Негизги сөздөр: *памирлик кыргыздар, каада-салт, ой-мо-чиймелер, саймалар, салттуу кийим, уруу, үй-бүлө, мурастар, асем буюмдар.*

В данной статье исследуется нематериальное, а культурное наследия кыргызов которые были сохранены лишь нескольких областях. Актуальность данной темы - сохранение национального культурного наследия, что поможет нации сохранениться в качестве великой нации. Цель исследования - найти людей, которые поддерживают традиционные знания и укрепить отношения между молодым поколением, и распространить нематериальное, а культурное наследие. В рамках исследования проводилась полевая работа с этническими кыргызами переехавшими с Памира в Алайскую долину Ошской области Кыргызской Республики. Глубинное интервью затрагивало темы о традициях и обычаях памирских кыргызов, в том числе вопросы касались традиционного женского головного убора каляк, который также принадлежит одному из племен. Исследование показывает, что памирские кыргызы все еще сохранили все образцы народного творчества, женского ремесла кочевников. У женщин памирских кыргызов особое почетное место в обществе. Традиционные знания, легенды, песни (стихи) этнического достояние передаются из уст в уста, из поколения в поколение; письменных материалов почти нет. Они с гордостью заявляют, что обладают настоящим кыргызским наследием.

Ключевые слова: *памирские кыргызы, традиции, узоры, вышивки, каляк, традиционная одежда, рода, семья, наследие, аксессуары.*

This research studies the results of field work among ethnic Kyrgyz who recently have relocated from the Pamirs to the Alai Valley, Osh region, Kyrgyz Republic. The in-depth interview has asked questions concerning ethnic traditions and customs of the Pamir Kyrgyz. It also deals with the issues related to the traditional women headdress of the Kalyak, which also belongs to one of the tribes. The research displays that the Pamir Kyrgyz still preserve the patterns of folk art, female nomad craft. The respondents claim that women of the Pamir Kyrgyz have a special place of honor in society. Traditional knowledge, legends, songs (poems) of the ethnic heritage are passed from mouth to mouth, from generation to generation; there are almost no written materials. They proudly declare that they own the real Kyrgyz heritage.

Key words: *pamir kyrgyz, traditions, patterns, embroilderies, kalyak, traditional clothes, kind, family, heritage, accessories.*

Дүйнөнүн түндүгү көтөрүлүп, керегеси жайылган, катаал шарттуу жерди көп кылымдардан бери Памир (жергиликтүү диалектикада Памыл) деп аталып, Кыргыздар Сары-Кол тоо кыркаларын аркалап, Памирдин Чыгыш бөлүгүндө илгерки замандан бери эле отурукташып, жашап келишкендиги жөнүндө ар кандай илимий, тарыхый булактар аныктап келүүдө. Алсак "Байыркы жазма жана тарыхый булактарда бул кереметүү бийик тоолуу жерди "Дүйнөнүн чокусу"

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

деп аташкан. Байыркы ирандыктар бул тоолуу аймакты, күндүн кудайы Мидраттын түбүндөгү Па-и-михр (Памир) деп аташкан" [1].

Афгандык кыргыздар жалпысынан "чоң памирлик" жана "кичи памирлик" болуп экиге бөлүнүшөт. Экөөндө тең эле байыркы кыргыз урууларынын тейит, кесек, кыпчак, найман жана башка чоң уруулардын ичинен тараган: кочкор, бука, шайым, алапа, кызыл баш деп аталган урууларды өкүлдөрү бар. Булар эки хандыка бөлүнүшүп, Кичи-Памирде 1912-жылы туулган Чоң-Алайлык кыргыз, кочкор урусунан чыккан Жапаркул уулу Рахманкул, Чоң-Памирде жергиликтүү Акжол хандын уулу Жолой хан башында турган хандар башкарып турушкан.

Памирлик кыргыздар турак жай катары азыркы мезгилге чейин боз үйлөрдө жашап келишет. Боз үй жалпы эле кыргыз элинин сергек акылынан чыккан, чебер колунан уланган, теңдешсиз өзүнчө өнөр. Үйдүн ортосуна ачык от жагышып, тамак бышырышат. Акырындап темирден жасалган печкаларды коюп алгандар да кездешет. Жалаң мал чарбачылыгы менен аркалаган памирлик кыргыздар өздөрү каалаган жерге тигип, журт куруп жашаганга мүмкүнчүк түзүп келген.

Асыраган мал жандыктары топоз, кой, жылкы, эшек жана төөлөр болуп эсептелет. Малдарын айдап барып сатышып, же алмашуу жолу менен азык-түлүк алышат. Афганистандын борборуна алыс жайгашкандыктан төрт, беш күн жол жүрүшүп, "раваттарда" түнөшүп тиричиликке керектүү буюмдарын, азык-түлүктөрүн алып келишет.

Памирдин климаты катаал, кескин континенттик (өзгөчө Чыгыш Памирде). Ал субтропик алкакта жатат. Бирок кышында мээлүүн, жайында тропиктин аба массалары басымдуу. Чыгыш Памирде январдын орточо температурасы абсолюттук минумум -50^{0}С, жайы кыска жана суук, жайкы температура 20^{0}Сден ашпайт. Памирде жалпы аянты 7500 км ге жеткен 3000ге жакын мөңгү бар. Өсүмдүктөрү өтө суйдаң, ландшафтында жылаңач аскалар жана шагыл, кой таштуу кумдуу чополор менен капталган жерлер көп. Батыш Памир, чыгышына караганда өсүмдүктөргө бай, өрөөндөрүнүн этектеринде шыбак-сөксөлдүү чөл өсүмдүктөрү басымдуу. "Кыргыз бутагы" коомдук фондунун ишмерлеринин 2011-жылы Памир сапарындагы статистикалык изилдөөнүн жыйынтыгында адамдардын орточо жашы 40-45, эркектердики 50-55 жашка чейин.

Памирлик кыргыздарды изилдеп жүргөн тарых илимдеринин доктору, профессор С. Кайыповдун айтымында, Памирди жердеген эл кыргыздардын бир бөлүгү, тарыхтары абдан эски, он кылым мурда ошол жакта жашаганын болжолдоого болот, өздөрүнө жашаганга жайыттарды ыңгайлуу кылып шарт түзүп алышып, ошол жакты жердеп келишет. Баарына белгилүү болгон Рахманкул хан да ошол жакта жашаганын билебиз. Жергиликтүү эл өздөрүн "сары колдуктар" деп аташып, кийин көчүп баргандарды алайчылар дешет. Уруулары боюнча ичкилик кыргыздар. Тоолуу аймакта жашашат, деңиз деңгээлинен 4200 м бийиктикте. Мал чарбачылыгы менен күн кечиришет [2].

Азаттык радиосунун 2017-жылдагы маалыматы боюнча Афганистанда 2100гө жакын этникалык кыргыздар жашашат. Алар Улуу Памир жана Кичи Памирди жердешет. Кичи Памирдеги сегиз айылда 1200гө жакын, Улуу Памирдеги алты айылда 825 адам күн кечиришет [3].

Кыргыз мамлекети этникалык кыргыздарга кайдигер эмес экенин тастыктап, Нарын жана Ош областарына Памирден саналуу кыргыздарды көчүрүп келишкен. Биздин салттуу билимдерди изилдөөдөгү талаа жумушубуз Алай районунун Сары-Могол айылына көчүп келген кыргыздар менен болгон изилдөөлөрүбүз бул макалада сунушталат (кээбир сөздөр памирлик кыргыздардын диалектикасында жазылды).

Памирлик боордоштор өздөрүн "памылдык (памирлик)" кыргыздарбыз да дешет. Келин алуу, баланы олтургузуу, тушоо кесүү тойлору, маркумду узатуу, үрп-адаттарын жоготпостон сактап келүүдө. Кыргыздын каада-салттарын абдан бекем сактап, азыркыга чейин колдонуп келишкенине күбө болосуң. Каада-салт адамдын өмүр мерчемин, социалдык мамилелерди, маданияттын материалдык объектилерин өзүнө камтыйт. Билими боюнча негизинен фарс тилинде окушат. Жай мезгилинде эркек балдар үчүн атайын борбордон мугалим келип фарсча окуганды үйрөтөт. Ислам динин бекем карманышат, балакат жашынан баштап орозо кармап, намаз окушат. Кыргызга тиешелүү салттуу билимдер, уламыштар, ырлар (өлөңдөр) ооздон - оозго, колдон-колго өтөт, жазылган материалдар жок. Эне тил боюнча нукура (көөнө) кыргыз тилинде сүйлөйбүз дешет, мисалы: көөнө – эски, жемелик, ичмелик – тамак-аш, маскат – кемсел, оромол – жоолук, эгин – кездеме, ашпаз – ашкана, алышма – алмаштыруу, ушар – акылдуу, карчы – каржы, шыпакана – оорукана, дуктур – доктор, тужар – соодагер, насыят – осуят ж.б. Жалпысынан жазганды, окуганды билишпейт, сабатсыздыкты жоюу максатында көчүп келген боордошторго атайын программа түзүлүп, мектепте сабактар өтүлө баштаган.

Соно деген келиндин айтуусу боюнча таар согушуп атка оромо, боз үйдүн боолорун жасашат, кийиз кылышат, боз үйгө ашкана чырмашат, кош жабык, баштыкка да сайма сайышат (3-сүрөт). Үйлөрүнө

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

кийиз, таар жасап салышат. Аял кишини абдан барктап, баалашат. Кыз балдарын төрөлгөндө "карын чачын" гана алышып, андан кийин өмүр бою өстүрүшөт. Кырч чач кылып өрүп, "аркалык" тагышат. Саймаланып кооздолгон топу (такыя) кийгизишип, үстүнөн кызыл жоолук салышат. Турмушка чыкканча кызыл жоолугу менен жүрүп, анан ак жоолукка өтүшөт. Салт боюнча кызыл кездемеден көйнөк, кемсел кийишет. Жашы улгайганда гана күрөң түс кийишет. Кара түстөгү кийимдерди аза кийими деп билишет. Кездемени «эгин» дешет. Улуу Памирде жашаган убактарында эреже боюнча Авганистанга түшкөндө гана паранжи (чүмбөт) жамышканын айтышат, өздөрүнүн жеринде жоолук жабылган топу (шапак) менен жүрө беришет (5-сүрөт). Кемселдеринин (маскат) көкүрөгү топчу жана кооздуктарга толот. Белдемчилерин колдо сайма сайып, кооздоп жасашат (7-сүрөт). Салттуу кийимдерди даярдоодо кол машинанын жардамында даярдашат.

Жаштарды тарбиялоодо аксакалдар чоң роль ойношот, эки адам урушуп кетишсе улуулар элдештирип коюшат, мындай көрүнүш сейрек кездешет. Уурулук деген терс сапат кезикпейт. Мал жандыктарына жырткыч жаныбарлар эле тийбесе башка коркунуч жок.

Үй-бүлө маселесинде дээрлик ажырашуу жокко эсе, жаштар түгөйүн өздөрү тандаганга укугу жок, ата-энеси тандаган кызга же жигитке турмуш курушат. Кызга берилүүчү калың кымбат болгондуктан калың төлөө менен же алмаштыруу (кайчы куда) жолу менен үйлөнүшөт. Кызын багып чоңоютуп, анан бекерге бербейбиз, сөзсүз калың алабыз дешет. Эгерде аялы каза болуп калса гана экинчи аялга үйлөнөт эгерде дарамети (каражаты) жетсе. Улутун терең урматтагандыктан башка улуттан кыз алып, кыз беришпейт, бул абдан чоң эрдик деп билишет. Аялдар үйүндө эле төрөшөт, эч кандай даары-дармексиз эле өздөрүнө келип, жашоосу улана берет. Ден-соолуктарын чыңдоого медицина тармагы боюнча атайын адистер жок, "кыргызчылык" дешип өздөрү билген усулдарын колдонушуп келишет. Көпчүлүк учурда аялдар төрөт учурунда, ал эми наристелер кичинекей убагында эле көз жумат. Ошондуктан балдары аз санда болушат.

Памирде тамак-аштын негизги булагы болуп мал чарбачылыгынын азыктары – эт, сүт эсептелет. Абаырайынын катаал шарты, асман тиреген бийиктик жана топурактын өзгөчөлүгү (көбүнчө саздак же шортек – туздуу келет) айыл-чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Тамакка колдоно турган жапайы өскөн пияз (дана) колдонушат, жана жыттуу чөптөрдү колдонушат. Бир түрдүү тамактангандыктан витаминдер жетишсиз болот. "Ашпа" дегенге нан жабышат, тулга, таба колдонуп бышырышат. Тамак-аш жаатында эт басымдуулук кылып, бат картаюуга алып келет. Климатка байланыштуу күчтүү тамак-аш ичпесек алсырап калабыз дешет.

Аялдарга болгон мамилелери олуттуу, урматсыйы терең. Катуу айтып урушушпайт, барктап баалашат. Аялдар көкүрөк толо кадалган жана тагынган тагынчактары, асем буюмдары менен өзгөчөлөнүп турушат, түрдүү маржандар, акактар жана күмүштөрдү көрүүгө болот, алтындан жасалган кооздуктарды колдонушпайт. Ошондой баалуулуктарды жалаң гана мал жандыктарга сатып беришет (койго, торпоко, топозго, төөгө ж.б.). Аялдардын тагынган асем буюмдарына жараша жашоо шарттары аныкталарын айтышат (1-2-сүрөттөр). Бизден айырмаланып майрамдарда эле эмес, алар күнүмдүк жашоолорунда тагынып жүрүшөт. Кыздарын кичинекейинен тиричиликке тың болуп чоңоюусуна маани беришет. Аялдар негизинен үйдө болушат. Тышка чыгып топоз, кой саашат. Курут май даярдашып, аларды алмаштыруу жолу менен тамак-аш алышат.

Кыздарын турмуш жолуна узатуудагы каада-салттары жөнүндө Күмүшай эже менен кызы ой бөлүштү. Куда түшүп келишип, эки тарап макул болгондо той күнүн белгилешет. Кыргызстандагыдай ашыкча чыгымдарга такыр жол жок дешет. Кыздын себине энесинин атаган саналуу гана буюмдары жана кийимдери менен эки, үч сандык беришет, анын ичинде идиш аяк салышат. Үч, төрт катар кийим даярдап беришет кыздарына. Кызды көчүрүүдө улгайган аялдар топтолуп кыздын чачын экиге өрүп чачын пиликтейт. Чачты пиликтөө – чачтын учун пахтадан эшилген жип менен чачын кошуп өрөт, чачтын жанып кетүүсүнөн сактайт. Кыздын башына ак жоолук салып, кеп такыя кийгизип үстүнөн жыйырма, отуз метр ак кездемеден каляк орошот. Анын сыртынан кыргак жана маңдайына серверт тартылып, үстүнөн «сынсыла» тагылат. Серверт – кыргактан көлөмдүү келип, сайма менен кооздолот, памирлик кыргыздар муну сынсыла дешет [4].

Арт жагына "таштама" тартылып, акырында дүрүя жоолук (8-сүрөт) арты ачык абалда салынып байланат, артынан таштама көрүнүп турат (4-сүрөт). Каада-салтты сактоодо кеп такыяларын, дуруя жоолуктарын чоң энелери, тайенелери жасап калтырышкан. Саналуу гана калгандыктан бири-биринен алып турушат. СССР тараган убактагы кыйын күндөрдө кеп такыя, дуруя жоолуктарды Мургабдык кыргыздардан топоздорго сатып алышканын айтышат [5].

Тойдо ырдап, бийлешпейт. Эркектер улак чабышат, өлөң айтышат. Ушул убакытка чейин "ордо" оюнун ойноп келишет. Кээбир эркектер комузда кол ой-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

нотуп күү чертишет. Эркек кишилер баштарына атайын кооздолуп саймаланган топу кийишет. Аялдары көркөм сайып даярдап беришет (6-сүрөт).

Ар бир үйдө экиден үчтөн ат болот. Кызды ат мингизип "дикак" салып көчүрүшөт (колунда барлары). Көчүргөндө сырткы эшиктин түбүнө ит аякты (чараны) коюп ошого чыгарып, белини бекем жоолук менен курчап, чапан кийгизип, үч, төрт метр ак сурп менен атасы же чоң атасы курчап, бекем, кайраттуу, малдуу, бала-чакалуу бол деп бата беришип, атка мингизет. Апасы менен туугандары көчүрүп барат, күйөө бала кызды өзүнүн үйүндө күтөт. Айылдан алыс жерге кызды жеңеси менен түшүрүп кудалар тарапка барышат, ал жерде келген тарапты сыйлашат, бир чарага (ооз жоолар) каймак чалып, кумшекерди аралаштырып келинге алып барып, ошону менен ооздандырып, баарына беришет. Келиндин алаканына жана таманына сүртүшөт. Жеңеси ошол жерде чачыла (трешек) чачат. Анан үйгө карай жөнөшөт, келин эшиктин алдына келгенде эки жеңинен (чапандын жеңи кенен болот) чачыла чачат, салам салып үйдөгү көшөгөгө кирип кетет. Келинди көрсөтүүдө (таныштырууда) гүрүчтөн тамак бышырып кошуналарды, туугандарын чакырып, жаңы кийим кийгизип, "чөмүч булгады" деп казанды аралаштырып табака тамак салып, келген конокторго берет. Көчүрүп келген аялдар үч, төрт күн түнөп кетишет. Төркүнү жөнөгөндө кыздын этегинен бастырып кетишет [6]. Келин баш кийимин (калягин) барып эле чечип коёт, келин көргөнү келгенде кийе коёт.

Бешикке бала бөлөө. Биздегидей кызына бешик берүү салты жок, кайын журтунун бешигине бөлөшөт, эгер жок болуп калса тууган-уругунан, коңшуларынан алып пайдаланышат. Элүү жаштан ашкан Күмүшай эже өзү жаткан арча бешикке небереларын бөлөп жатканына күбө болдук.

Негизинен улуттук салттарды унутпай укумдан-тукумга сактап келе жаткан, өздөрүн чыныгы кыргызбыз деп сыймыктанган боордошторго терең ыраазычылык билдиребиз.

1-сүрөт. Асем буюмдар.

2-сүрөт. Асем буюмдар.

3-сүрөт. Капка сайылган сайма.

4-сүрөт. Таштама.

5-сүрөт. Аялдар кийген топу жоолугу менен.

6-сүрөт. Эркек топу.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

7-сүрөт. Саймаланган белдемчи.

8-сүрөт. Жаңыдан жасалган «дүрүя жоолук»

Корутунду:

1. Памирлик кыргыздардын салттуу кийимдеринин өзгөчөлүктөрү, каада-салттардын, үрп-адаттардын улуулугу, тарбиялык маанисинин тереңдиги изилденди;

2. Памирлик кыргыздардын жашоо шарттарын иликтөө менен келечекте жаштарды кыргыз мамлекетинин деңгээлде тарбиялоого атайын программанын негизинде иш алып баруу зарылдыгы бар экени аныкталды;

3. Түштүк аялдары колдонуп жургөн каляктин оролуу жана колдонуу ыкмасы боордош элибизде да сакталып мурас катары колдон-колго өтүп келе жатканы аныкталды;

4. Атайын изилдөөнүн натыйжасында "Мурас" коллекциясы дагы бир Памирлик кыргыздардын формасы менен толукталды (каляктин орому жана кийимдери).

Адабияттар:

1. Мухаммад И.К., Кыргыз жана Афган Республикасынын саясий мамилелери: абалы жана келечеги [Текст] // Монография – 2019.
2. Азаттык сайты [электронный ресурс] 2017. - режим доступа: https://kyrgyztoday.org/ru/news_ky/sulajman-kajypov-professor-pamir-kyrgyzdarynyn-taryhynan/
3. Спутник сайты [электронный ресурс] 2017. - режим доступа: https://sputnik.kg/trend/pamir_kyrgyz_kg_20171004/
4. Ташкулова Ш.Б., Термечикова Б.К., Кыргыздын ичкилик урууларына таандык аялдар баш кийими (калаги) [Текст]. // Известия вузов Кыргызстана журналы, №6. - 2018.
5. Авторлордун талаа изилдөө материалдары. Таджикистан Республикасы, Мургаб району, 2019.
6. Ташкулова Ш.Б., Термечикова Б.К., Путешешствие по наследям сохранившимся на Мургабской земле (философский анализ) [Текст]. // Известия вузов Кыргызстана журналы, №8. - 2019.